**Б.1.1.6 Кыргызстандын географиясы**

**Дисциплинаны өздөштүрүүнүн максаты:** Кыргыз Респуликасынын табияты, кен байлыктары, геоэкологиялык абалы, рекреациялык ресурстары, коргоого алынган аймактары, калкы, экономикасы, облустары, райондору , Кыргызстан аймагын изилдеген белгилүү географтар берилген.

**Дисциплинанын бакалавриаттын НББПнын түзүмүндөгү орду:** Дисциплина 1-семестрде өтүлөт, көлөмү 2 кредит, арадагы аттестациянын формасы – сынак. Дисциплинаны өздөштүрүү үчүн студенттерге орто мектепте алган билимдер, билгичтиктер жана компетенциялар керектелет.

**Кыскача мазмуну:** Кыргыз жеринин басымдуу бөлүгүн бийик тоо кыркалары ээлейт. Жаратылыш-климаттык шарттары, рекреация байлыктары, геоморфологиялык өзгөчөлүктөрү жагынан бир караганда Альпы тоолоруна кыйла окшоштугу бар. Ырас, Тянь-Шань, Алай тоолору Альпыдан түштүк тарапта жайгашкандыгы, түркүн өсүмдүктөрү, жаныбарлары, өзгөчө тоо капталдарында өекөн жаңгак токойлору, чокусу асман тиреген тоолордун арасында жайгашкан көлдөрү, жаратылыш-рекреация ресурстарынын али начар өздөштүрүлүшү менен кыйла айырмаланат. Калктын эс алуусуна, туристтердин' келишине ыңгайлуу шарттарды түзүп, Кыргызстандын келечекте базар мамилелеринин талабына ылайык эл аралык маанидеги турпзм борборлору калыптанган, табылга-кирешеси мол кубаттуу мамлекетке айланышына толук негиз бар. Ушундан улам туризмди республиканын экономикасынын приоритеттүү тармактарыиын бири катары өнүктүрүү мамлекеттик деңгээлде талданып, атайын иш-чаралар ишке ашырылууда.